УДК 339.543.6

# КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ЕВРАЗЭС: АРТЫКЧЫЛЫКТАР ЖАНА КОРКУНУЧТАР

**Э. Нуралиев**, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Экономика жана башкаруу факультетинин студенти <erkinbeknuraliev@gmail.com>

# KYRGYZSTAN AND EAEU: ADVANTAGES AND FEARS

**E. Nuraliev**, Kyrgyz-Turkish Manas University, student of the faculty of Economics and Management

# КЫРГЫЗСТАН И ЕАЭС: ПРЕИМУЩЕСТВА И ОПАСЕНИЯ

Э. Нуралиев, студент факультета экономики и управления Кыргызско-Турецкого университета «Манас» <erkinbeknuraliev@gmail.com>

**Abstract**

One of the most significant events of the last three years in the life of Kyrgyzstan is to create Euroasian Economic Union, questions and expectations of the consequences of its activities. Currently, Kyrgyzstan is not yet fully member of this union, so people are still an ongoing debate about the future of Kyrgyzstan in the Eurasian Economic Union. I'm also not left out, in this paper I talked about the positive and negative sides, but have such drawbacks that have not yet occurred.

**Key words:** Ecomonic Community (Union), Customs Union, tariff, re-export, hypothesis, GDP, migration, export.

**Аннотация**

Одним из самых значительных событий последних трех лет жизни Кыргызстана является создание Евразийского экономического союза, ожидание последствий его деятельности. В настоящее время Кыргызстан еще не является полноправным членом этого союза, поэтому все еще продолжается дискуссия о будущем Кыргызстана в Евразийском экономическом союзе. В статье рассматриваются негативные и позитивные стороны этого события..

**Ключевые слова**:

Экономический союз, Таможенный союз,, тариф, реэкспорт, гипотеза, ВВП, миграция, экспорт.

90-чу жылдардын аягында, Казахстандын президенти Н.Назарбаевдин демилгеси жана Россия, Беларусь өлкөлөрүнун президенттеринин колдоосу менен Евразия Экономикалык Союзунун түптөлүшүнө старт берилди. Анын түзүлүү процесси 3 негизги этаптан турду:

1. Бажы бириимдиги
2. Бирдиктуу экономикалык аймак (Евразия экономикалык комиссиясы)
3. Евразия экономикалык союзу

2010-ж. баштап жогоруда аталган өлкөлөрдүн аймагында иштей баштаган Бажы биримдиги 2012-ж. Бирдиктүү экономикалык аймак стадиясына өткөндүгүнө байланыштуу, Евразия экономикалык комиссиясы түзүлдү.

Ага чейин, 2011-ж. президентибиз А.Атамбаев тарабынан демилге көтөрүлүп, Евразия экономикалык союзу алкагында 1-стадия болгон Бажы биримдигине Кыргызстандын мүчө болуп кирүүсү тууралуу официалдуу кайрылуу жасалды. 2011жылдан 2014-жылдын декабрь айына чейин өкмөттөр аралык сүйлөшүү иштеринин жүрүшүндө, коомчулукта: «Кыргызстан Бажы биримдигине кириши керекпи? Керек эмеспи? Пайдасы көп болобу же зыяныбы?» сыяктуу суроолордун үстүндө кызуу талкуу жүрдү. 2014-жылдын 23-декабрында Москва шаарында Кыргызстан жана Евразия экономикалык комиссиясы мүчөлөрү тарабынан Кыргызстанды мүчөлүккө алуу келишимине кол койулду. Ага ылайык, Кыргызстан Бажы

биримдиги стадиясын аттап өтүп, дароо эле, 2015-жылдын 1-январынан ишке кире турчу Евразия экономикалык союзуна 2015-жылдын 8-майынан баштап мүчөсү болуу укугун алды.

Эми, «ЕврАзЭСте Кыргызстандын келечеги кандай болот? Ага мүчө болуу менен өлкөбүз эмне пайда табат жана кандай зыяндарга учурайт? Өлкөнүн экономикалык, социалдык жана саясий абалы өзгөрөбү, кайсы жакка?» жана башка ушул сыяктуу суроолор ар бир кыргызстандыктын ойунда.

Бул макалада, абдан кеңири тараган, ошол эле учурда абдан актуалдуу болуп турган Кыргызстандын ЕврАзЭСке кирүүсүнүн натыйжалары жана коркунучтары туурасында сөз кылмакчымын. Бирок, макаланын башында, гипотеза койууну туура көрдүм, ал төмөнкүдөй «ЕврАзЭС – Кыргызстан экономикасынын өнүгүүсүнүн трамплини». Бул гипотезаны тастыкташ же четке кагыш үчүн, үч аргумент жана контр аргумент сунушталат.

Аргументтердин түзүлүшүндө, илимий теориялык тарапка басым жасалмакчы.

Аргументтерден баштасак:

1. «Чоң түрткү» теориясы.(Розенштейн-Родан).

Өлкөдө жалпы Q, S, D төмөн болгондуктан, өлкөнүн өндүрүшүн (экономикасын) өнүктүрүү үчүн инвестицияга «Чоң түрткү» (сырттан) керек.

Кыргызстандын учурунда, ЕврАзЭСке кирүү менен өзгөчө Россия жана Казахстандан өлкөнун түрдүү тармактарына ири инвестициялардын келиши күтүлүүдө. Теорияга ылайык, бул инвестициялар экономикабыздын өсүшүнө чоң түрткү болуп бериши керек.

2. Пребиш – Сингер теориясы

Өнүгүп келе жаткан жана өнүккөн өлкө арасындагы соода, узун мөөнөттө өнүккөн өлкөгө пайда алып келет. (Мааниси: Протекционисттик саясат жана капитал топтоого багытталган саясат жүргүзүү)

ЕврАзЭСтин түзүүлүсүнүн негизги максаты – протекционисттик саясат жүргүзүү менен өз экономикаларды өнүктүрүү. Анткени, өнүккөн өлкөлөр менен атаандашуу абдан кыйын болгондуктан, өздүк өндүрүштүн өнүгүүсү мүмкүнүлүчүн чектеп койот.

3. Маанилүү болбоонун мааниси (Кичине өлкө болуунун артыкчылыгы).

Өнүккөн өлкөлөр эл аралык соода майданында товарлардын баасын аныктайт. Аларда өнүккөн технология жана жетишээрлик каражаттардын айынан бир бирдик товарга түшкөн чыгымы эң төмөн. Бул абал кичине өлкөлөргө пайда алып келет. Анткени, бир товарга адистешкен кичине өлкөнүн кеткен чыгымы, өнүккөн өлкөлөрдүн чыгымынан төмөн болот. Бирок бааны өнүккөн өлкө койгондуктан, ал өлкөгө товарын экспорттогон кичине өлкө үчүн соода абдан пайдалуу болуп калат. Өнүккөн өлкөдогү жогорку баалар менен кичине өлкө аларга товар экспорттойт. Ошол эле учурда эң төмөн баада товар импорттойт.

ЕврАзЭСте Кыргызстан эң кичине өлкө болгондуктан, «Маанилүү болбоонун мааниси» теориясына ылайык союзга мүчө болуудан жакшы пайда көрсө болот.

Эми кезек контр аргументтерге келди:

1. Суверендүүлүгүбүздү жоготуп алабыз. Контр аргументтер, коомчулуктагы белгилүү көз караштардан түзүлдү.

Суверендүүлүгүбүздү жоготу алууга коркунуч жаралат деп, 2012-жылы Казахстандын Мажлиси Евразия парламентинин түзүлүшү тууралуу сунушту четке какты. Биз эле эмес, Казахстан да Беларусия да Россия да суверендүүлүгу\үн жоготкусу же болбосо бөлүшкүсү келбейт. Мындан соң, Евразия союзунун аталышы – Евразия экономикалык союзу деп өзгөртулдү. Экономикалык көз карандысыздык болмойунча политикалык көз карандысыздык кантип болсун? деген суроо да туулат. Туура,бирок бул суроону Евразия экономикалык союзуна тиешеси жок, анткени, союз деңгээлинде аткарууга милдетту деп кабыл алынчу мыйзамдар консенсус методу менен жактырылат. Бул метод, баардык тараптын кызыкчылыгы эске алынаарын көрсөтөт. Натыйжада, Кыргызстан, ЕвраЗЭСке мүчө болуу менен суверендүүлүгүнөн айрылып калуу коркунучу жок.

2. Өлкөгө арзан товарлардын кирүүсү токтойт.

Дүйнөлүк экономикага интеграцияны тездетүү максатында 1998-жылы Кыргызстан, орто Азияда биринчилерден болуп Дүйнөлүк Соода Уюмуна мүчө болду. Ансыз деле улуттук өндүрүшүбүз башынан кризис өткөрүп жатканда, сырттан келген күчтүү атаандаштыкка туруштук бере албай биротоло кыйроого учурады. Арзан товарлар кирди, анын айынан өлкө реэкспортерго айланып, калктын бир ууч бөлүгү кана пайда табып, калган көпчүлүгү өндүрүштүн төмөндөшүнөн жумушсуз калып, мигрант болуп кетти.

Айтып кеткендей эле, ЕврАзЭС – протекционисттик саясат жүргузүүгө багытталган жана Кыргызстандын ага мүчө болушу менен инвестициянын өсүшү күтүлүүдө. Кайсыл гана өлкө болбосун, анын экономикасынын туруктуу жана күчтүү болушун өндүрүш камсыз кылат. Ошондуктан бул учурда сырттан келген арзан товарлардын кирүүсүнүн азайуусу өлкөбүздө өндүрүштү өстүрүп, экономикабыздын импортту алмашуу стратегиясына өтүүсүнө шарт түзмөкчү.

3. Баалар жогорку темп менен өсөт.

Эксперттердин айтымында, Кыргызстан ЕврАзЭСке киргенден кийин бажы тарифтери орточо эсеп менен 3% гана өсүшү күтүлөт ( Россия ВТОго мучо болгон учун андан да төмөн болушу мүмкүн). Анткени, КР жана ЕврАзЭС арасында 10968 тариф бар болсо, алардын 53.4% (6264) бири-бирине туура келет. Натыйжада, бааларда күтүлгөн 3%дык жогорулоо, валюта курстарынын секириктеринен төмөн болгондуктан баалардын өсүшү көп сезилбейт.

Башка тараптан караганда, дээрлик толугу менен ЕврАзЭСтен (Россиядан) импортоолуучу күйүүчү-майлоочу заттарга тарифтер жогорулап кетсе, баалардын союзга киргенден да жогору денгээлде көтөрүлүшү толук ыктымал.

Жогорудагы аргумент жана контр аргументтердин соңунда ЕврАзЭС – биринчи кезекте гипотезаны далилдеп берүү менен анын жарандарыбыздын жана өлкөбүздүн кызыкчылыгы үчүн ылайыктуу экендигин жана бул союзга кирүүбүз туура чечим болоорун ачыктап бере алдым деп ойлойм.

Гипотезаны далилдегенден соң, коомчулукта айтылып келген ЕврАзЭСтин башка пайдалары жөнүндө да айта кетейин:

1. Мигранттар үчүн укуктук база түзүлүп, алардын союз ичинде кыймылы жана иштөөсү жеңилдейт.

2. Айыл-чарба продуктуларына кенен рынок ачылып, экспорт жогорулайт.

3. Союздун калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн туруктуу экономикалык өнүгүүнү камсыздоо.

4. Стратегиялык маанилуу товарлардын бажы төлөмдөрсүз, ылдам өлкөбүзгө импорттолушу.

5. Узун мөөнөттө экономикабыздын жогорку темп менен жогорулашы.

6. Өлкөгө инвестициялар тартылып өндүрүштүн жанданышы.

7. Узун мөөнөттө айлык акы жана пенсиялык төлөмдөр союз ичинде теңелиши

8. Кыргыз-Кытай чек арасында бажы администрациясынын иши онолот

9. Бажы биримдигинин уставы боюнча кризистик жардам алуу гарантиясына ээ болуу жана башкалар.

«Жылтырагандын баары – алтын эмес» дегендей эле гипотезаны далилдесек да, ЕврАзЭС Кыргызстан үчүн жалаң гана оң натыйжаларды берет десек жаңылышабыз. Жогоруда «ЕврАзЭСтин пайдалары» деп саналган тизменин ичинен бир нечесин башка көз караш мнеен карап көрөлү:

1. Мигранттар үчүн укуктук база түзүлүп, алардын союз ичинде кыймылы жана иштөөсү жеңилдейт.

Башкача айтканда, Кыргызстандан Россия жана Казахстанга дагы көбүрөөк адам кетек баштайт. Мигранттардын көпчүлүгүн жаштар, айыл жергесиндегилер жана анын ичинде чек-ара аймактарында жашаган тургундар түзүүдө. Өзгөчө түштүк региондордон Россия жана Казахстанга миграция көбөйгөндүктөн, алар ташатп кеткен бош жерлерге, өзгөчө чек-араларга Таджикстан жана Өзбекстан республикаларынын жарандыры көчүп келүүдө. Бул

процессулана берсе, жакынкы 20-30 жыл ичинде абдан курч социалдык абалга алып келиши мүмкүн.

Башка тараптан, мигранттардын санынын өсүшү алардан келген акчалардын көлөмү өстүрөт. Бирок, мисалы Россиянын жарандыгын алган кыргызстандыктардын да саны жылдан-жылга өсүүдө (2011-жылгы карата 200.000миң адам). Жарандыкты алган соң акча которуулар да төмөндөйт. Анын үстүнө, экономикадагы ресурстардын эң баалуусу – жумушчу күч Кыргызстандан кетеберсе, башка өлөлөрдүн жарандыгын алаберсе, 20-30 жылдан кийин дагы бир чоң маселе жаралат – жумушчу күчтүн жетишсиздиги.

Ошондуктан ЕврАзЭСке кирээрден мурун бул маселелерди кылдат карап, аларды алдын алуу боюнча чараларды көрүүбүз керек. ЕБРРдин Кыргызстан үчүн эконометрикалык анализинин натыйжасында:

«Кыргызстандын ИДПнын 1% төмөндөшү, миграцияны 0,68-0,75% чейин жогорулатат». – деген тыянакка келген. Демек, экономикабыздын өсүүсү миграцияны азайтат. Ал эми инвестицияларды тартууда Кыргызстандын ичиндеги регионалдык кызыкчылыкты эске алуу менен алыскы региондорго, анын ичинде чек-ара аймактарында иш орундарды түзө алабыз.

2. Айыл-чарба продуктуларына кенен рынок ачылып, экспорт жогорулайт.

ЕврАзЭСтин ичинде да башында протекционисттик саясат жүргүзүлүп, өздүк өндүрүштү сактоого аракеттер болот. Ага мисал «Торговые войны»:

2015-ж. чек арада Казахстандан Россияга 20 тонна быштак өтпөй калышы

2012-ж. чек арада Беларусиянын Россияга сүт азыктарынын өтпөй калышы

Кыргызстан да ЕврАзЭСке мүчө болушу менен мындай абалга учурабайт деген кепилдик жок. Ошондуктан, мындай көйгөйлөрдү алдын алуу үчүн санитардык,техникалык ж.б параметрлерди тактап алышы ашыкча болбос.

Сөзүмдүн соңунда Роберто Гойзуэтонун афоризмин эске салгым келип турат:

«Мы никогда не сможем изменить направление ветра. Но в нашей власти поставить нужные паруса».

Ошондуктан, ЕврАзЭС өлкөбүзгө кандай таасир берээри жалгыз кана кыргызстандыктардын колунда, союздун ичинде жакшы иштесек – өлкөбүгө пайдасы тийет, өкмөт кирүүгө чечим кабыл алгандан кийин деле, жаман тараптарын айтып, жумурткадан кыр издей берсек-пайдасынан зыяны көп болот.

Колдонулган булактар

1. Пиримбаевтин, Ж. Кыргызстан жана Бажы биримдиги: аттуу доклады [Текст] / Ж. Пиримбаев. – Бишкек, 2013.

2. ЕвразЭСтин базалык укутук-нормативдик актылары [Электронный ресурс]. – Режим доступа: evrazes.com сайтынан

3. Iktisadi buyume: окуу китеби [Text]. – Ilker Parasız, 2010.